U.S. Embassy in the Kyrgyz Republic

# УКУК ЧЫГАРУУЧУЛУККА ЖЕТҮҮ УКУГУ

## (ченемдик укуктук актыларга коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүү)

Бишкек • 2022-ж

U.S. Embassy in
the Kyrgyz Republic

INDEPENDENT ECOLOGICAL EXPERTISE • НЕЗАВИСИМАЯ ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ЭКСПЕРТИЗА

# Укук чыгаруучулукка жетүү укугу (ченемдик укуктук актыларга коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүү)

Бишкек 2022-ж.

Ушул документти иштеп чыгуучулар «Көз карандысыз экологиялык экспертиза» коомдук бирикмесинин өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын коомдук экологиялык кызыкчылыктарды коргоо боюнча тармагынын координатору болуп саналат.

Басылма Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилигинин Демократиялык комиссиясынын финансылык колдоосунда «Чечимдерди кабыл алуу процесстерине коомчулуктун катышуусун кеңейтүү жана жарандык коомдун уюмдарынын потенциалын жогорулатуу аркылуу Кыргыз Республикасында демократияны чыңдоо» долбоорун жүзөгө ашыруунун алкагында иштелип чыккан. Бул жерде берилген пикирлер, тыянактар жана корутундулар же сунуштар авторлордун пикирин билдирет жана АКШ Мамлекеттик департаментинин көз карашын чагылдырбайт.

Авторлор:
Гаврилова Е.А.
Мирджалалова З.И.
Печенюк О.В.

Кошумча маалымат алуу үчүн кайрылыңыздар:
«Көз карандысыз экологиялык экспертиза» КБ
720028, Бишкек ш., 7-кичирайон, 30-үй, 1-батир.
тел./факс: 0312 57-83-72
e-mail: expertise@eco-expertise.org

Уюмдун иши жөнүндө кеңири маалыматты www.eco-expertise.org сайтынан табууга болот.

# Мазмуну

**Кыскартуулар тизмеси** ........ 4

**Киришүү** ........ 5

**Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза деген эмне** ........ 6

**ЧУА/ЧУА долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү тартиби** ........ 10

**ЧУА/ЧУА долбоорлоруна коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү** ........ 15

КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ЭКСПЕРТИЗА ........ 15

ЭКОЛОГИЯЛЫК ЭКСПЕРТИЗА ........ 22

**Коомчулуктун укук чыгаруу процесстерине катышуу мүмкүнчүлүгү** ........ 29

# Кыскартуулар тизмеси

| | |
|---|---|
| **КР ЖК** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| **КР МК** | Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ЧУА** | Ченемдик укуктук акты |
| **ЧУА долбоору** | Ченемдик укуктук актынын долбоору |
| **КР ЧУБ** | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук базасы |
| **ӨЭУ** | Өкмөттүк эмес уюм |
| **«Нускама»** | КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 8-декабрындагы № 319 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускама |
| **«Стандарттар»** | КР ЖК 2008-жылдын 18-январындагы № 75-IV токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизаларынын айрым түрлөрүнөн өткөрүү боюнча стандарттар» |
| **КРӨТ** | Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому |
| **ЖМК** | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **КР ПЖ** | Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы |

# Киришүү

Ушул басылма Кыргыз Республикасынын коомчулугунун ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүү маселелери боюнча дараметин жогорулатуу максатында иштелип чыккан.

Коомчулуктун дараметин жогорулатуу боюнча милдетти ийгиликтүү аткаруу мамлекеттик кызматкерлердин, жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн, коомчулуктун өкүлдөрүнүн (коомдук бирикмелердин, бизнес түзүмдөрдүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ж.б.) кесипкөй деңгээлинен, алардын мыйзамдарды, өз укуктарын жана милдеттерин, аткаруу жол-жоболорун билүүсүнөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсү үчүн бир бири менен кызматташуу каалоосунан жана жөндөмүнөн көз каранды болот.

Басылмада улуттук мыйзамдардын тиешелүү жоболоруна негизделген коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүү боюнча иш-аракеттердин кеңири алгоритмин берүү аркылуу өлкөдө мыйзам чыгаруу иштеринин сапатын жогорулатууга өзгөчө басым жасалган.

Ушул пособие коомчулукту ченемдик укуктук актылардын жана ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларын жүргүзүү технологиясы боюнча минималдуу билим менен камсыздоо максатын көздөйт. Анда мыйзам чыгарууда бузуу факторлорун, биринчи кезекте, коомдун укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууларды аныктоого багытталган экспертизалардын бул түрлөрүнүн өзгөчө ролу көрсөтүлгөн.

Сунушталган документти изилдөө жана пайдалануу кызыкдар жактарга мамлекеттик-укуктук жөнгө салуу процессиндеги ченемдик укуктук актылардын маанисин жана ролун түшүнүүгө; ченемдик укуктук актылардын жана алардын долбоорлорунун коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларын даярдоого карата талаптар системасын өздөштүрүүгө, укук чыгаруу процессинин бардык этаптарында эксперттик изилдөөлөрдүн маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам берет.

## Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза деген эмне

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна, ошондой эле колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга (мындан ары — ЧУА) экспертиза жүргүзүү улуттук мыйзамдарда жөнгө салынган.

Алсак, «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин камсыз кылуу; коомдук бирикмелердин, массалык маалымат каражаттарынын укуктук статусу; мамлекеттик бюджет, салык системасы; экологиялык коопсуздук; укук бузууларга каршы күрөшүү; ишкердик иш-аракетти мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүү маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлору укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык; коррупцияга каршы жана башка илимий экспертизадан өткөрүлүүгө жатат (жөнгө салынышына ченемдик укуктук актынын долбоору багытталган укуктук мамилелерге жараша).

Илимий экспертизанын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- долбоордун сапатына, негиздүүлүгүнө жана заманбаптуулугуна, долбоордо ченем жаратуу техникасынын сакталышына баа берүү;
- долбоордун Конституцияга, конституциялык мыйзамдарга, мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине ылайык келишине баа берүү;
- ченемдик укуктук актынын долбоорунун натыйжа берүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
- долбоорду ченемдик укуктук акты катары кабыл алуунун натыйжасында келип чыгуучу социалдык, экономикалык, илимий-техникалык, экологиялык жана башка терс кесепеттерин айкындоо жана аларга баа берүү;
- илимий экспертизаны өткөрүүдө коюлуучу башка маселелерди кароо.

Бирок, бул мыйзам «экспертиза» термининин өзүнө аныктама бербейт.

Экспертиза түшүнүгүнө карата мамилелерди талдоонун негизинде ченемдик укуктук актынын экспертизасына төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот — бул атайын билими бар адис (эксперт) тарабынан белгиленген процесстик тартипте өткөрүлгөн, экспертиза дайындаган жактын (жактардын) сапаттуу жана натыйжалуу ченемдик укуктук актыны кабыл алуучу үчүн маанилүү болгон жагдайлар жөнүндө керектүү маалыматты аныктоо максатына ээ болгон изилдөө. Экспертизанын натыйжалуулугуна ага керектүү юридикалык статусту берген тиешелүү ченемдик-укуктук база болгондо гана жетишүүгө болот.

Кыргыз Республикасында ченемдик укуктук актылардын экспертизасын өткөрүү үчүн укуктук негиз төмөнкү ЧУА болуп саналат:

- 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамы;
- 1999-жылдын 16-июнундагы № 54 «Экологиялык экспертиза жөнүндө» КР Мыйзамы;
- КР ЖК 2008-жылдын 18-январындагы № 75-IV токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизаларынын айрым түрлөрүнөн өткөрүү боюнча стандарттар» (мындан ары — «Стандарттар»);
- КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 8-декабрындагы № 319 токтому менен бекитилген, КРнын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускама (мындан ары — «Нускама»);
- КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы № 413 токтому менен бекитилген, «Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна адистештирилген түрдөгү экспертизаларды (укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупцияга каршы жана экологиялык) жүргүзүү

боюнча ишти жүзөгө ашырган жеке адамдарды жана юридикалык жактарды аккредиттөө жөнүндө жобо».

Төмөндө таблицада изилдөө жана салыштыруу үчүн ЧУАга укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизаларды жүргүзүү тартиби жөнүндө «Стандарттардын» жана «Нускамалардын» жана «Нускамалардын» негизги жоболору берилген.

| | **КР ЖКда мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизаларынын айрым түрлөрүнөн өткөрүү боюнча стандарттар** | **КРнын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускама** |
|---|---|---|
| **КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ** | 1) укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупцияга каршы жана экологиялык адистештирилген экспертизаларды өткөрүүнүн тартибин белгилейт;<br>2) экспертизаларды өткөрүүдөгү милдеттүү талаптарды аныктайт;<br>3) экспертизаларды өткөрүү чөйрөсүндө кесипкөй терминдерди аныктайт.<br><br>Мыйзам долбоорлорунун экспертизаларынын башка түрлөрү ушул Стандарттарды колдонууга кирбейт жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.<br><br>Ушул Стандарттар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилген мыйзамдардын долбоорлоруна экспертизаларды өткөрүүдө колдонулат.<br><br>Ушул Стандарттар мыйзамга баш ийген актылардын долбоорлоруна, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзамга баш ийген актыларга экспертизаларды өткөрүүдө пайдаланышы мүмкүн. | мыйзамдан келип чыгуучу актылардын долбоорлоруна укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизадан өткөрүү тартибин белгилейт |
| **ЭКСПЕРТИЗАНЫН МАКСАТЫ** | кабыл алынуучу мыйзамдардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат | мыйзамдан келип чыгуучу актылардын сапатын жогорулатуу жана аларды укук колдонуу практикасында натыйжалуу пайдаланууга жетишүү болуп эсептелет. |
| **ЭКСПЕРТИЗА ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ** | мыйзамдуулук, негиздүүлүк, комплекстүүлүк, калыстык, көзкарандысыздык, ачык-айкындык жана «кызыкчылыктардын карама-каршылыгына» жол бербөөчүлүк.<br><br>Жүргүзүлүп жаткан экспертизанын түрүнө жана мыйзам долбоору жөнгө салуучу мамилелердин мүнөзүнө жараша экспертиза атайын максаттарга жана принциптерге ээ болушу мүмкүн. | – мыйзамдуулук;<br>– компетенттүүлүк;<br>– илимий негиздүүлүк;<br>– корутундунун объективдүүлүгү;<br>– көз каранды эместик;<br>– ачык-айкындык;<br>– «кызыкчылыктардын кагылышуусуна» жол бербөө. |

| | КР ЖКда мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизаларынын айрым түрлөрүнөн өткөрүү боюнча стандарттар | КРнын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускама |
|---|---|---|
| **ЭКСПЕРТИЗА ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН БЕРИЛҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕР** | 1) мыйзам долбоорунун тексти;<br>2) аны кабыл алуунун зарылчылыгын негиздөө;<br>3) укуктук жөнгө салуунун ушул чөйрөсүндөгү мыйзамдардын абалы жөнүндө справканы;<br>4) мыйзам долбоорунун жоболорун ишке ашыруу үчүн өзгөртүлүшү же кабыл алынышы тийиш болгон мыйзамдардын же мыйзамга баш ийген актылардын тизмегин;<br>5) каржы-экономикалык негиздемени;<br>6) мурда жүргүзүлгөн экспертизалардын (эгерде жүргүзүлсө) корутундуларын;<br>7) коомдук талкуулардын (эгер жүргүзүлсө) жыйынтыктары боюнча материалдарды;<br>8) башка зарыл материалдарды. | а) мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоору;<br>б) салыштырма таблица (колдонуудагы ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы даярдалган учурда);<br>в) долбоорго маалымкат-негиздеме.<br><br>Мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбооруна маалымкат-негиздемеде төмөнкүлөр чагылдырылат:<br>– долбоордун предметинин жана максаттарынын мүнөздөмөсү;<br>– долбоор жөнгө салууга багытталган тармакта колдонулган ченемдик укуктук актыларга талдоо;<br>– жоюуга же өркүндөтүүгө тийиш болгон жоболордун таасири жетишерлик натыйжалуу болбогондук себептерине жана шарттарына талдоо;<br>– ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табууга берүүнүн зарылдыгына талдоо;<br>– мыйзамда аныкталган учурларда, долбоорду коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө жалпылоочу маалымат;<br>– финансылык-экономикалык баа берүү. |
| **ЭКСПЕРТИЗАНЫ КИМ ЖҮРГҮЗӨТ** | Экспертизаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын эксперти же мыйзам долбоорун даярдоого түздөн-түз катышпаган, сырттан тартылган адам же адамдардын тобу жүргүзөт.<br><br>Мыйзам долбоорун баалоодо эксперттер калыс болуу менен мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекти жана укук чыгаруу органынын көз карашы менен байланышы болбоого тийиш. | Мыйзамдан келип чыгуучу актылардын долбоорлоруна экспертизанын адистештирилген түрлөрүн жүргүзүү үчүн эксперттер катары долбоорду даярдоого катышпаган адамдар тартылууга тийиш. |

«КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 20-беренесинин 3, 4, 5-пункттарына ылайык, ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун илимий экспертизадан өткөрүү үчүн башка өлкөлөрдөн илимпоздор жана адистер чакырылышы мүмкүн. Долбоор илимий экспертизадан өткөрүү үчүн эл аралык уюмга жиберилиши мүмкүн. Ченемдик укуктук актынын долбоорун даярдоого тикелей катышпаган адамдар гана эксперттер катары тартылат. Көз карандысыз эксперттерди (жеке жана юридикалык жактарды) адистештирилген экспертиза түрлөрүн жүзөгө ашыруу укугуна аккредитациялоону Өкмөт тарабынан аныкталуучу, аккредитациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

Көз карандысыз эксперттердин (жеке жана юридикалык жактардын) ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна адистештирилген экспертиза түрлөрүн жүргүзүү укугуна аккредитация өткөрүү тартиби КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы № 413 токтому менен бекитилген «Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна адистештирилген түрдөгү экспертизаларды (укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупцияга каршы жана экологиялык) жүргүзүү боюнча ишти жүзөгө ашырган жеке адамдарды жана юридикалык жактарды аккредиттөө жөнүндө жобо» белгиленет.

Белгилей кетсек, эксперттик иш мыйзамдардын натыйжалуулугун баалоо куралдары системасында өзгөчө орунду ээлейт. Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун эксперттик баалоо ченемдик актыны кабыл алуунун натыйжасында коомдук мамилелердин тигил же бул чөйрөсүнүн өнүгүшүнүн тигил же бул варианттарын камтыган болжолдуу корутундуларга ээ болот. Ошондуктан, укуктук экспертиза жүргүзүүнүн мааниси укук ченемдерин долбоорлоо баскычында да, колдонуудагы ченемдик актыларга да маанилүү.

Тармактык мыйзамдарга ылайык экспертизанын негизги максаты коомдук мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүн жөнгө салуучу ченемдик актыны кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн изилдөө жана ошол эле учурда андагы ченем чыгаруу каталарын аныктоо болуп саналат.

Ошентип, ченемдик укуктук актынын сапатын аныктоо анын ченемдеринин экспертизасы менен ажырагыс байланышкан, бул заманбап ченем чыгаруудагы кемчиликтерди көзөмөлдөөгө, анын субъектинин көңүлүн КР Конституциясынын текстинде белгиленген жана заманбап саясый чындыкты чагылдырган юридикалык категорияларды пайдаланууга буруууга, ошондой эле система аралык байланыштык болушу же жоктугу менен шартталган улуттук мыйзамдардын көрсөтмөлөрүнүн ортосундагы ар кандай карама-каршылыктарды жана шайкеш эместиктерди аныктоого жардам берет. Кабыл алынган жана кабыл алынуучу ченемдик укуктук актыларды жүзөгө ашыруудагы көптөгөн кыйынчылыктар шарттарында аларга экспертиза жүргүзүүнүн ролу кыйла өсөт, анын жыйынтыктары ченемдик укуктук акты канчалык натыйжалуу жана сапаттуу экенин көрсөтөт.

Атап айтканда, экспертизанын жыйынтыктары боюнча ченемдик укуктук актынын кыйла жогорку деңгээлдеги актыларга шайкештиги, ченем чыгаруу техникасынын эрежелерин сактоо, келечектеги укуктук мамилелердин субъекттеринин кызыкчылыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгү, финансылык-экономикалык камсыздоо зарылчылыгы жана буга байланыштуу пайда болгон тиешелүү бюджеттердин чыгашалары, коррупциялык укук бузууларды жасоо мүмкүнчүлүгү барбы, айлана жаратылыш чөйрөсүнө зыян келтирүү мүмкүндүгү барбы ж.б. суроолорго жооп берүүгө болот.

# ЧУА/ЧУА долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү тартиби

«Стандарттарда» жана «Нускамада» мыйзам долбоорлору жана мыйзам алдындагы актылар үчүн адистештирилген экспертизалардын түрлөрүн өткөрүү тартиби аныкталган.

Бул главада биз адистештирилген экспертизалардын бардык түрлөрү үчүн ЧУА экспертизасын өткөрүүнүн негизги этаптарын карайбыз.

1. Экспертизаны колдонуудагы ченемдик укуктук актыны же ченемдик укуктук актынын долбоорун тандоодон баштоо керек. Бул жерде укуктук актыны көңүл коюп окуу, формасын жана түзүмүн ачыктоо керек (бланк, «колу» же «бекитүү грифи» реквизиттеринин болушу, главалардын, бөлүмдөрдүн, параграфтардын, пункттардын, пунктчалардын, тиркемелердин жайгашуусу). ✓

2. Ченемдик актыны чыгарган органды аныктоо: уюмдаштыруу документтерине ылайык актыда органдын аталышын так чагылдыруу, анын ведомстволук баш ийүүчүлүгүн, ушул ченемдик укуктук актыны же мыйзам актысынын долбоорун чыгарууга укуктук компетенциясын тактоо. Бул органдын уюмдаштыруу документинин (уставынын, жобосунун) негизги ченемдерин, ошондой эле бул уюмдаштыруу документтерин бекиткен органдын ченемдик укуктук актыларын: мыйзамды, жарлыкты, токтомду, чечимди табуу жана изилдөө зарыл. Текшерүү жүргүзүү: кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыны аткаруу үчүн талдоого алынган ченемдик укуктук актыны (ченемдик укуктук актынын долбоорун) кабыл алынган. ✓

3. Мамлекеттик бийлик органынын ченемдик укуктук актыны кабыл алуу боюнча компетенциясы бар же жогун аныктоо, б.а. ченемдик укуктук жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктарды берген мыйзамдардын жобосун же ченемдерин талдоо жана талданган ченемдик укуктук акты анын негизинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылар менен ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде кабыл алынгандыгы (компетенциянын чегинде кабыл алынгандыгы) жөнүндө бир жактуу корутунду түзүү. ✓

4. Ченемдик укуктук актыларды даярдоого жана чыгарууга карата белгиленген талаптарды сактоо үчүн жарыялоо формасы, б.а. укуктук акт же укуктук актынын долбоору жарыяланганбы (жалпыга маалымдоо каражаттарында, мамлекеттик органдардын сайтында ж.б.) аныкталышы керек. ✓

5. Маанилүү учур — каралып жаткан колдонуудагы укуктук акты чыгарылган датаны жана анын туура таризделгендигин же укуктук актынын долбоорунун датасын аныктоо. ✓

6. Кийинки кадам укуктук актынын укуктук жөнгө салуу предметин аныктоо — ал жөнгө салган мамилелерди тактоо менен байланыштуу. ✓

7. Андан кийин колдонуудагы мыйзамдарда ушул укуктук жөнгө салуунун белгиленген терминологиясын, ошондой эле ушул укуктук актынын же укуктук актынын долбоорунун улуттук мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар менен өз ара байланышын тактап алуу керек. ✓

8. Андан ары эксперт укуктук актынын же укуктук актынын долбоорунун тексти боюнча укуктук жөнгө салуу калктын кайсы социалдык тобуна же жамаатына багытталганын аныктап жана ченемдик укуктук актыда же актынын долбоорунда белгиленген башкаруу чечимдерин аткарууга милдеттүү болгон ведомстволук уюмдар жана кызмат адамдары так көрсөтүлгөнүн аныкташы керек. ✓

9. Бул укуктук жөнгө салуу үчүн актынын формасы туура аныкталганбы: токтом, буйрук, тескеме, регламент, нускама, эрежелер, жобо жана формуляр-үлгү жана бул укуктук актынын түзүмү туура түзүлгөнбү аныктоо маанилүү. ✓

10. Ченемдик укуктук актынын (долбоордун) киришүү бөлүгүндө ченемдик укуктук акты менен укуктук мамилелерди жөнгө салуу максаттары үчүн колдонулуучу негизги түшүнүктөрдүн

жана терминдердин тизмеги барбы жана алар аларга башка маанини берүүнү же төмөн турган ченемдик укуктук актыларды кайталоону билдирбеген, улуттук мыйзамдар менен белгиленген түшүнүктөргө жана терминдерге ылайык келеби аныктоо керек.

11. Ченемдик актынын же долбоордун текстинде «укуктуу», «укугу бар», «мүмкүн», «өз каалоосу боюнча» деген сөздөрдү жана башка мамлекеттик органдардын, муниципалдык кызматкерлердин, коомчулуктун иш-аракеттеринин башка аныкталбаган сүрөттөмөлөрүн камтыган укуктук ченемдердин болушуна өзгөчө көңүл буруу керек.

12. Эксперт укуктук актынын текстинде бланкеттик ченемдерди, б.а. кийин аларды өзгөртүү жөнүндө сунуштоо максатында «колдонуудагы мыйзамдарга ылайык», «мыйзам менен жөнгө салынат», «мамлекеттик бийлик органы тарабынан белгиленет», «мамлекеттик органдардын башка укуктук актылары менен» ж.б.у.с. шилтемелерди бөлүп көрсөтүшү керек. Бланкеттик ченемдер текстте бар экени аныкталганда бланкеттик ченемдик негизинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылар барбы, ошондой эле бланкеттик ченемдин негизинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылар жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыларга карама каршы келбейби аныктоо керек.

13. Андан ары жалпы эрежеден артыкчылыктарды белгилөөчү ченемдерди бөлүп көрсөтүү зарыл, балким «тышкары», «артыкчылык катары» ж.б. түрүндө.

14. Эксперт ченемдик актынын укуктук жөнгө салуусу кандай мамилелерге жайылтыла турганын жана ал «аракети ушул актыны чыгарганга чейин пайда болгон мамилелерге жайылтылат» деген сөздөр менен белгиленген тескери күчкө ээ эмеспи талдоого алышы керек.

15. Колдонуудагы ченемдик укуктук актыга экспертиза жүргүзүүдө убактылуу мүнөздөгү ченемдердин болушун (жоктугун) аныктоо маанилүү, анткени мындай ченемдер бир жолку мүнөзгө ээ болгон айрым иш түрлөрү үчүн белгиленет жана көрсөтүлгөн жагдайлардан улам экспертиза учурунда иш жүзүндө колдонулбайт жана күчүн жоготуу деп таанылышы мүмкүн. Мында укуктук актыны чыгаргандар бул убактылуу ченемдерге шилтеме кылууну улантышы мүмкүн.

16. Актынын же актынын долбоорунун текстинде жалпысынан бул ченемдик укуктук актынын аткарылышын контролдоонун түрлөрүн жана мөөнөттөрүн белгилеген ченемдердин же актынын (актынын долбоорунун) айрым ченемдеринин болушун жана берилген көрсөтмөлөргө карата көрсөтүлгөн контролдук иш-чаралардын аткарылышы, кызматтардын (функциялардын) аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликти талдоо жана аныктоо керек.

17. Эксперт текстте ченемдик актыга тиркемелердин болушун (жоктугун) жана аларды тариздөөнүн тууралыгын талдашы керек

18. Экспертизада ченемдик актыда же ченемдик актынын долбоорунда аныкталган ыйгарым укуктарды бузуу үчүн белгиленген жоопкерчиликтин болушу (жоктугу) аныкталышы керек.

19. Эксперттин кийинки кадамы ченемдик актынын (долбоордун) текстинен бул ченемдик актыны колдонууга киргизүүдө күчүн жоготкон, мурдагы ченемдик актыларга көрсөтмөлөрдү аныктоо болушу керек.

20. Эксперт талдоодо укуктук актынын ар бир ченемин берүүнүн логикалуулугу жана ыраattуулугу, бул ченемдик акты үчүн белгиленген түзүмдү сактоо, констатция жана тескөө бөлүктөрүн тиешелүү ажыраткан сөздөрдүн болушу, бланкты, ченемдик актынын (долбоордун) реквизиттеринин туура таризделиши жөнүндө тыянак жасашы керек.

21. Экспертизанын маанилүү кадамы болуп укуктук актынын түшүнүктүүлүгүнө жана аткарылууга жөндөмдүүлүгүнө карата талаптардын аткарылышын жана укуктук ченемдерди түзүүдө укуктук акт түзүлгөн тилдин эрежелерине ылайык келүүсүн аныктоо саналат. Эксперт ченемдик актынын текстинин аныкталбаган жана эки маанилүү жоболорун, баа берүүчү мүнөздөгү категорияларды, сүйлөмдөрдүн сөз тартибин бурмалоолорду, сөздү башкаруудагы жана жөндөмөлөрдүн ээрчишүүсүндөгү бузууларды, татаал грамматикалык конструкциялардын бар экендигин аныкташы керек.

22. Андан ары эксперт тарабынан жүргүзүлүп жаткан экспертизага карата улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык кандай адистештирилген экспертиза жүргүзгөндүгүнө жараша ченемдик укуктук актынын же ЧУА долбоорунун жоболоруна талдоо жүргүзүлөт. Биздин мыйзамдарыбыз укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды өткөрүү үчүн талаптарды жөнгө салат. ✓

23. Экспертизанын жыйынтыктоочу кадамы КР мыйзамдарына ылайык эксперттин корутундусун (эксперттик корутундуну) түзүү жана туура тариздөө болуп саналат. ✓

## Эксперттик корутунду

Эксперттик корутунду (эксперттин корутундусу) — эксперттин же эксперттик комиссиянын ишинин жыйынтыгы болуп саналган, экспертиза жүргүзүү үчүн тапшырыкчы тарабынан коюлган суроолорго так жана негиздүү жооп берген расмий документ.

Эксперттик корутунду мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышында кароонун милдеттүү шарттарынын бири болуп саналат.

ЧУА же ЧУА долбооруна изилдөө жүргүзүүнүн жыйынтыктарында эксперт же эксперттердин тобу ЧУА/ЧУА долбоорунун экспертизасынын корутундусун түзүү үчүн керектүү маанилүү практикалык маселелерге жооп бериши керек:

– бул ЧУА/ЧУА долбоору канчалык актуалдуу, ал коомдук мамилелердин бул чөйрөсүн жөнгө салууда жалпы укуктук саясаттын багыттарына ылайык келеби, болжолдонгон ченемдик жөнгө салуунун максаттары кандай; долбоордун жоболору КР Конституциясына, жалпы таанылган эл аралык укук принциптерине жана КР эл аралык келишимдерине ылайык келеби;
– мыйзам долбоорунда анда берилген ченемдерди жүзөгө ашыруу механизми барбы, ал канчалык реалдуу жана натыйжалуу; сунушталган ЧУА (аны кабыл алган учурда) өзүнүн колдонулушу менен мыйзамдарда кандайдыр бир коллизияны пайда кылышы мүмкүнбү; бул ЧУА кабыл алуу менен колдонуудагы ченемдик укуктук атыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошондой эле айрым актыларды күчүн жоготту деп таануу талап кылынабы (кайсынысы экенин көрсөтүү керек);
– каралып жаткан ЧУА долбоорунда анын предметин түзгөн маселелер канчалык толук жөнгө салынган; даярдалган актыны кабыл алуудан кийин мыйзамда боштуктар калабы,
– долбоордо ашыкча ченемдер жокпу, б.а. аларсыз ченемдик укуктук актынын максаттарына жетүүгө боло турган; сунушталган долбоордун чыгаша механизми кандай.

Бул маселелердин баары изилденип жана жүргүзүлгөн иштин негизинде эксперттик корутундунун негизин түзгөн тыянактар жана сунуштар түзүлүшү керек.

Андан ары сунуштар ЧУА долбоорун иштеп чыгуучу тарабынан каралат жана белгиленген кемчиликтерди жоюу үчүн эске алынышы мүмкүн.

Жогоруда белгиленгендей, «Стандарттардын» жоболоруна ылайык мыйзамдардын экспертизаларын жүргүзүү жүзөгө ашырылат, ошондой эле «Стандарттар» мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзам алдындагы актыларга экспертиза жүргүзүүдө колдонулушу мүмкүн. «Нускаманын» талаптары мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүгө жайылтылат. Бул эки ЧУАда эксперттик корутундуну даярдоодо жетекчиликке алуу зарыл болгон эксперттик корутундунун мазмунуна, даярдоого жана тариздөөгө тиешелүү жоболор жөнгө салынат. Бул жоболор төмөндөгү таблицада берилген.

| | «Стандарттар» | «Нускама» |
|---|---|---|
| **ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУНУ ДАЯРДОО ЖАНА ТАРИЗДӨӨ** | Комиссиялык экспертиза өткөрүүдө эксперттердин ар кимиси экспертиза предметине таянуу менен иликтөө жүргүзүшөт, комиссиянын башка мүчөлөрү менен бирдикте алынган натыйжаларды баалашат, жалпы корутунду түзүшөт жана кол коюшат.<br><br>Комплекстүү экспертиза өткөрүүдө эксперттердин ар кимиси экспертиза предметине таянуу менен иликтөөнү өз алдынча жүргүзүшөт. Эксперттердин ар кимиси корутундунун өзүнүн жыйынтыктары жана сунуштары камтылган бөлүгүнө кол коюшат.<br><br>Эксперттердин арасында пикир келишпөөчүлүк болгон учурда алардын ар кимиси же эксперттердин бир тобу экспертиза корутундусунда өз жыйынтыктары менен сунуштарын айрым жазышат.<br><br>Экспертиза корутундусуна эксперт кол коёт. Экспертиза комиссиясы тарабынан даярдалган корутундуга экспертиза комиссиясынын жетекчиси жана анын бардык мүчөлөрү кол коюшат. | Экспертизалардын тиешелүү түрлөрүн жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча экспертизанын тиешелүү түрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушул Нускаманын № 1 тиркемеси менен аныкталган Типтүү формага ылайык тарizделчү корутунду түзүлөт.<br><br>Корутундуга экспертизаны жүргүзгөн эксперттер кол коюшат. |
| **ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУНУН МАЗМУНУ** | 1. мыйзам долбоорунун аталышы, жөнгө салуу предмети жана анын негизги жоболорунун баяндалышы менен бирге мыйзам долбоору жөнүндө маалыматтар;<br>2. Комитет, мыйзам долбоорун киргизген мыйзам чыгаруу демилгесинин субъектти жана эксперти (эксперттер) жөнүндө маалыматтар;<br>3. экспертизанын түрү (түрлөрү);<br>4. экспертиза өткөрүүнүн негиздемеси;<br>5. экспертизанын предмети;<br>6. экспертиза өткөрүүнүн мөөнөтү;<br>7. эл аралык келишимдерге, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ченемдик укуктук акыларга шилтемелер;<br>8. талдоонун натыйжалары, эксперттин тыянактары менен сунуштары жана алардын негиздемеси.<br><br>Тыянактар жана сунуштар мыйзам долбоорунун, эл аралык келишимдердин, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин, КР ченемдик укуктук актыларынын конкреттүү жоболоруна жана башка материалдарга шилтемелерди камтышы керек.<br><br>Эксперттин (эксперттердин) кароосу боюнча экспертиза корутундусуна башка материалдар тиркелиши мүмкүн. | Кабыл алынган учурда долбоордун коомдук мамилелерге таасиринин мүнөзүн чагылдыруучу жалпы бөлүк;<br><br>Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана жогорку юридикалык күчкө ээ башка ченемдик укуктук актылардын нормаларына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган жана мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана нормаларына долбоордун жоболорунун ылайык келишине баа берүү чагылдырылган атайын бөлүк;<br><br>Эксперттин эскертмелери, сунуштары жана тыянактары, ошондой эле эксперимент жүргүзүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жоюуга багытталган сунуштар камтылган корутунду бөлүк. |

«Нускаманын» тиркемеси

# Типтүү форма

Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын экспертизалоонун адистештирилген (коррупцияга каршы, гендердик укуктук, укук коргоочулук, экологиялык) түрлөрүн жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча

КОРУТУНДУ

(Корутунду экспертизаны жүргүзгөн органдын бланкында берилет)

Күнү: ____________________ Экспертизанын түрү ____________________________

Каттоо номери N ________________ Дареги ____________________________

Экспертизаны жүргүзгөн орган ____________________________

«_________________________» мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоорун кароо жөнүндө

**1. Долбоор жөнүндө маалымат.**

Кыргыз Республикасынын __________________________________ атайын ыйгарым укуктуу органына ____________________________________ мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоору ______________ _____________________________________________________. экспертиза жүргүзүүгө берилет.

Долбоорго төмөнкүлөр тиркелди:

– маалымкат-негиздеме;
– салыштырма таблица (колдонуудагы ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы даярдалган учурда).

**2. Жалпы бөлүк**

Мамилелердин тиешелүү тармагын жөнгө салуу үчүн долбоор жөнгө салуучу предметти, долбоордун маанисин жана зарылдыгын аныктоо (статистикалык маалыматтар, жөнгө салуу таасирин талдоонун жыйынтыктары ж.б.);

**3. Долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарга ылайык келишине баа берүүнүн натыйжалары:**

Эксперт корутундунун бланкына төмөнкүдөй формулировкалар аркылуу түшүндүрмө киргизет:

а) «Кыргыз Республикасынын Конституциясына, конституциялык мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга каршы келбейт»;
б) «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, конституциялык мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын нормаларын аткаруу үчүн кабыл алынат»;
в) «Конституциянын, конституциялык мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын нормаларына каршы келет»;
г) «Колдонуудагы мыйзамдарга салыштырганда прогрессивдүү нормаларды киргизет».

**4. Долбоорго Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келиши жагында баа берүүнүн жыйынтыгы.**

Эксперт долбоордун ылайык келиши салыштырып текшерилген жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин тизмесин берет.

Корутундунун бланкына төмөнкүдөй формулировкалар аркылуу түшүндүрмөлөр киргизилет:

а) «Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына каршы келбейт.»;
б) «Мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келген… аткаруу үчүн кабыл алынат»;
в) «Эл аралык актылардын нормаларына каршы келет (атоо жана негиздөө)».

**5. Адистештирилген бөлүк**

Эксперт Нускаманын өзгөчө бөлүгүнүн жоболоруна ылайык корутундунун бланкына адистештирилген талдоонун жыйынтыгын жазат.

**6. Тыянактар жана түшүндүрмөлөр**

Долбоор жөнүндө жалпы тыянактар төмөнкү аныктамалардын бирин камтууга тийиш:

а) «Оң корутунду»;
б) «Долбоор толуктап иштеп чыгууну жана кайрадан экпертизадан өткөрүүнү талап кылат»;
в) «Терс корутунду».

Зарыл болсо эксперт киргизилиши документтин сапатын жакшыртууга мүмкүндүк бере турган жоболорду формулировкалоо аркылуу өзүнүн сунуштарын даярдашы мүмкүн.

Атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси ___________________________________

Колу аты-жөнү ________________________________

Аткаруучу/телефон _________________________

# ЧУА/ЧУА долбоорлоруна коррупцияга каршы жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү

## КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ЭКСПЕРТИЗА

Коррупцияга каршы экспертиза өткөрүү этаптарын жана процессин кароодон мурда **коррупция, коррупциялык факторлор жана ченемдик укуктук актылардын жоболорунун коррупциогендүүлүгү** сыяктуу түшүнүктөрдү аныктап алалы.

**Коррупция** (лат. сөзү corrumpere «бузуу», лат. corruptio «паралап сатып алуу; бузуу, бурмалоо, ыркы кетүү; бузулуу») — негизинен кызмат адамынын өзүнө жүктөлгөн бийлик ыйгарым укуктарын жана ага ишенип берилген укуктарын, ошондой эле бул расмий статуска байланыштуу беделди, мүмкүнчүлүктөрдү, байланыштарды мыйзамга жана моралдык түшүнүктөргө карама-каршы келген жеке кызыкчылык үчүн пайдалануусун билдирген термин. Коррупцияны кызмат адамдарын сатып алуу, алардын сатылып кетүүчүлүгү, парага оңой сатылуучулугу деп дагы аташат.

Кеңири аныктамага ылайык, **коррупция — бул ишенимди кыянаттык менен пайдалануу**. Коррупцияны аныктоонун эки жолу болушу мүмкүн: мыйзамдын негизинде же коомдук пикирдин негизинде. Мыйзамга таянуу менен аныктама мыйзамда коррупция деп эсептелген нерседен келип чыгат, ал эми коомдук пикирге негизделген аныктама кеңири коомдук пикирден келип чыгат.

«Стандарттар» менен жөнгө салынган аныктамага ылайык, «**Коррупция** — *мамлекеттик иш-милдеттерди аткарууга ыйгарым укук берилген адамдар же мыйзамдардын(*) негизинде аларга теңдештирилген саясий, коомдук, экономикалык милдеттерди ишке ашыруучу адамдар, өздөрүнүн статустарын жана аны менен байланышкан мүмкүнчүлүктөрүн жеке максаттарда же топтук кызыкчылыктар үчүн, мүлктүк же мүлктүк эмес мүнөздөгү ыңгайлуулуктарды жана артыкчылыктарды алуу үчүн пайдалангандагы, ошондой эле жеке адамдар жана юридикалык жактар көрсөтүлгөн ыңгайлуулуктарды жана артыкчылыктарды мыйзамга каршы жол менен берип, ал адамдарды сатып алынгандагы социалдык кубулуш».*

Коррупциянын мүнөздүү белгиси кызмат адамдарынын иш-аракеттери менен аны жалдоочунун кызыкчылыктарынын ортосундагы кагылыш же шайланган адамдын иш-аракеттери менен коомдун кызыкчылыктарынын ортосундагы кагылыш болуп саналат. Коррупциянын көпчүлүк түрлөрү кызмат адамы жасаган алдамчылыкка окшош жана мамлекеттик бийликке каршы кылмыш категориясына кирет.

Кеңири жайылган **коррупциялык жосундун түрлөрү:**

– Пара
– Кысым көрсөтүү
– Артыкчылык берүү
– Кызматтык маалыматты пайдалануу
– Маалымат берүүдөн баш тартуу
– Мамлекеттик мүлктү мыйзамсыз пайдалануу
– Мамлекеттик мүлктү экономикалык жактан негизсиз тескөө
– Ишкердик ишке катышуу
– Мурдагы ведомстволук ишканага же мекемеге жумушка которуу
– Кызматта көтөрүлүү үчүн жогору турган кызмат адамдарына белектер, кызмат көрсөтүүлөр.

Коррупциянын классикалык формуласынын автору профессор Роберт Клитгаард[1] болуп саналат. Анын коррупция формуласы төмөнкүдөй[2]

**C = M + D – A**

**Коррупция = Монополия + Иш-аракеттердин эркиндиги – Көзөмөлдөнүүчүлүк**

Мамлекеттик башкаруунун алкагында монополия элементи чечимдерди кабыл алууга чиновниктердин монополиясын билдирет. Башкача айтканда, бул жерде башкаруу ресурсунун болушу жөнүндө гана сөз кылууга болот.

Иш-аракеттердин эркиндиги — бул дискрециялык мүнөздөгү кызмат адамдарынын юридикалык бекитилген ыйгарым укуктары, б.а. каалагандай аракеттенүү ыйгарым укуктары. Дискрециялык ыйгарым укуктары өз алдынча — аткаруу-тескөө ишинин объективдүү зарыл элементи, бирок талаптагыдай контроль жана жоопкерчилик жокто алардын ашыкча болушу чынында коррупциянын маанилүү уюштуруу-укуктук фактору болуп саналат.

Контроль аткаруу бийлигинин системасында мыйзамдуулукту камсыздоонун негизги жолдорунун бири болуп саналат. Мамлекеттик контроль коомдо болуп жаткан процесстер жөнүндө маалыматтарды алууга жана талдоого, бузууларды жана ченемдик жана жеке көрсөтмөлөрдөн четтөөлөрдү аныктоого, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштү коргоо максатында аныкталган бузууларды четтетүүгө, мыйзамдуулук режимин камсыздоого багытталган. Практика көрсөткөндөй, коррупциялык укук бузуулардын жогорку латенттүүлүгүнөн улам салттуу контролдоо формалары (текшерүүлөр, резивия, отчёттор) дайыма эле натыйжалуу болбойт. Көпчүлүк өлкөлөрдүн мыйзамдарында кабыл алынган башкаруучулук чечимдердин мыйзамдуулугун контролдоо системасына кошумча мамлекеттик кызматкерлердин кирешелерин көзөмөлдөөнүн кошумча системасы түзүлөт. Мындай учурда контроль коррупциянын алдын алууга, бирок түз эмес, ага шарт түзгөн факторлорду аныктоо аркылуу алдын алууга багытталган.

Буга ылайык, **коррупциялык укук бузуу** — кызмат адамынын өз статусун, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына каршы, өзү үчүн да, ошондой эле башка адамдар үчүн да пайда (мүлк, кызмат көрсөтүү же жеңилдик жана (же) артыкчылык, анын ичинде мүлктүк эмес да) табуу менен байланышкан кандай гана болбосун мыйзамсыз пайдалануу же көрсөтүлгөн адамга ошондой пайданы мыйзамсыз берүү.

Коррупциялык укук бузууларды жасоого шарт түзгөн (чагымдаган) шарттар, мүмкүнчүлүктөр **коррупциялык факторлор** болуп саналат, алар колдонуудагы ЧУА жоболорунда же ЧУА долбоорлорунда түптөлүшү мүмкүн жана **ченемдик актылардын коррупциогендик жоболору** болуп саналат.

Ошентип, коррупцияга каршы экспертиза — эксперттердин ЧУАда/ЧУА долбоорунда коррупциогендик факторлорду аныктоого, алардын коррупциогендүүлүк деңгээлин баалоого жана аларды жоюуга же чектөөгө багытталган сунуштарды иштеп чыгууга багытталган иши.

Коррупцияга каршы экспертизадан өтүүчү мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын долбоорлору:

1) адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын, эркиндиктери менен милдеттерин камсыз кылуу, коомдук бирикмелердин жана ЖМК, мамлекеттик бюджет, салык тутуму,

[1] Роберт Клитгаард — коррупция менен күрөшүү боюнча алдыңкы адистердин бири, анын китептери 18 тилге которулган жана академиялык чөйрөдө активдүү талкуу үчүн база болуп саналат. Клитгаард мамлекеттик жана экономикалык өнүктүрүүнү реформалоо маселелери боюнча мамлекеттерге консультация берет. Анын иштери жана изилдөөлөрү 35тен ашык өлкөлөрдө колдонулат: Африкада, Азияда, Европада жана Латын Америкасында.

[2] http://www.gugenplan.spb.ru/UserFiles/BUKLET_corruption%20measuring%2030%2006%202017.pdf

укук бузуулар менен күрөшүү, ишкердикти мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүү маселелерин жөнгө салууга багытталган жоболорду камтыган;

2) жалпы элдик органдардын, кызмат адамдарынын, алардын ченем чыгаруучу, көзөмөлдөөчү, уруксат берүүчү, каттоочу, юрисдикциялык ыйгарым укуктары менен кошо алгандагы ыйгарым укуктарын жөнгө салууга багытталган жоболорду камтыган.

**Коррупцияга каршы экспертизанын максаты** мыйзам долбоорунун жоболорун, аларда коррупциялык факторлор камтылбаганын баалоо жолу менен коррупциялык жоболордун пайда болуусунун алдын алуу болуп саналат.

ЧУАга жана ЧУА долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүчү эксперттер юридикалык билими жана квалификациясы, ошондой эле мыйзам долбоорунун жөнгө салуучу предметине тиешелүү чөйрөдө кесиптик тажрыйбасы бар адамдар болушу керек.

Экспертизанын бул түрүн жүргүзүүдө эксперттер төмөндөгү ЧУА жетекчиликке алышы керек:

– БУУнун коррупцияга каршы конвенциясы (2005-жылдын 6-августундагы № 128 КР Мыйзамы менен ратификацияланган);
– 2012-жылдын 8-августундагы № 153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» КР Мыйзамы;
– 2019-жылдын 28-январындагы № 19 «Коррупциялык укук бузуулар жөнүндө билдирген адамдарды коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы;
– КР коррупцияга каршы күрөш боюнча улуттук кеңеши жөнүндө жобо (КР Президентинин 20009-жылдын 17-февралындагы № 109 Жарлыгы менен бекитилген);
– КР мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы чараларды жүзөгө ашыруусунун натыйжалуулугун комплекстүү баалоону жүргүзүү боюнча колдонмо (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 15-сентябрындагы № 450-р буйругу менен бекитилген);
– КР Өкмөтүнө караштуу Коррупцияга каршы кеңеш тууралуу жобо, КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 15-сентябрындагы № 454-р буйругу менен бекитилген);
– Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо (КР Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы № 281 буйругу менен бекитилген);
– КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-сентябрындагы № 474 «2019—2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» токтому;
– 2021—2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегиясы (КР Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 Жарлыгы).

**<u>ЧУАга коррупцияга каршы экспертиза өткөрүү этаптары</u>**

Мыйзам долбоорлору коррупцияга каршы экспертиза өткөрүү этаптарын жөнгө салуучу талаптар «Стандарттарда», ал эми мыйзам алдындагы актылардын долбоорлору үчүн «Нускамаларда» берилген. Төмөндө бул ченемдик документтерге ылайык тигил да, бул да талаптарды беребиз. Бирок, «Стандарттардын» 1-бөлүмүнүн жалпы жоболоруна ылайык бул документтин жоболору мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүдө гана эмес, мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна, колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзам алдындагы актыларга экспертиза жүргүзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Мыйзам долбоорлоруна**[1] коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүнүн этаптары болуп саналат:

[1] КР ЖК 2008-жылдын 18-январындагы № 75-IV токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизаларынын айрым түрлөрүнөн өткөрүү боюнча стандарттарга ылайык

1) мыйзам долбоорунун жоболорун коррупцияга каршы экспертизанын жалпы талаптарына ылайык баалоо;
2) мыйзам долбоорлорунун жоболорун коррупцияга каршы экспертизанын атайын талаптарына ылайык баалоо. ЧУА/ЧУА долбоорлорунун жоболоруна аларда коррупциялык факторлордун камтылышына баалоо жүргүзүүнүн атайын талаптары.

| **Коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүгө карата жалпы талаптар** | **Коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүгө карата атайын талаптар** |
|---|---|
| 3) мыйзам долбоорунун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын коррупцияга каршы күрөшүүгө багытталган ченемдерине ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;<br>4) мыйзам долбоорунун жоболорунун коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы мамлекеттик саясатка жана мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында кабыл алынган программалык документтерге ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;<br>5) мыйзам долбоорунун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык келишимдердин жоболоруна ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;<br>6) мыйзам долбоорунун жоболорунун Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы күрөшүү маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарына ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;<br>7) мыйзам долбоорунда колдонулган түшүнүктөрдүн жана терминдердин пайдаланылышынын тууралыгын текшерүү. | 1) мыйзам долбоорунун бланкттык жана (же) шилтеме жоболорунун болуусу;<br>2) ведомстволук жана (же) чакан ченем чыгаруу боюнча кеңейтилген укуктарды болуусу;<br>3) мыйзам долбоорунун жоболорунун күчөтүлгөн талаптарынын (администрациялык бөгөттөрдүн) болуусу;<br>4) кызмат адамынын дискрециондук ыйгарым укуктарынын болуусу;<br>5) жалпы элдик органдардын, кызмат адамдарынын компетенцияларын «укуктуу» деген туюндурмада аныктоо;<br>6) сынактык жол-жоболордун жоктугу;<br>7) кызмат адамдары үчүн адистештирилген, майда-чүйдөгө чейин баяндалган тыюулардын жана чектөөлөрдүн жоктугу;<br>8) жалпы элдик органдар, кызмат адамдары тарабынан жасалган укук бузуулардын белгиленген курамдарынын, ошондой эле алардын айкын жоопкерчиликтеринин жоктугу;<br>9) маалымат алуу жетүүнүн жолжоболорунун жоктугу;<br>10) жалпы элдик органдарды, кызмат адамдарын көзөмөлдөөнүн, анын ичинде коомдук көзөмөлдөөнүн жоктугу;<br>11) «кызыкчылыктар карама-каршылыгынын» болуусу. |

Өткөрүлгөн коррупцияга каршы экспертиза натыйжалары боюнча эксперт экспертизалык корутунду даярдайт, анда төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

– алардын тизмегин көрсөтүү менен мыйзам долбоорунун жоболорунда коррупциялык факторлордун барлыгы же жоктугу жөнүндө өзүнүн тыянактарын баяндоого;
– мыйзам долбоорунун коррупциялык факторлорду камтыган жоболорун алып салуу же өзгөртүү боюнча негизделген сунуштарын даярдоого.

**Мыйзамдан келип чыгуучу актылардын долбоорлоруна** коррупцияга каршы экспертиза өткөрүүнүн этаптары болуп саналат[1]

1-этап: ДАЯРДЫК КӨРҮҮ → 2-этап: КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ТАЛДОО → 3-этап: АТАЙЫН-УКУКТУК ТАЛДОО → 4-этап: КОРУТУНДУ ДАЯРДОО ЖАНА ТАРИЗДӨӨ

| | |
|---|---|
| **1-этап: Даярдык көрүү** | – Определение предмета регулирования проекта;<br>– долбоордун жөнгө салуучу предметин аныктоо;<br>– долбоорду коррупцияга каршы баалоонун зарылдыгын жана аны деталдаштыруу даражасын аныктоо;<br>– долбоордун чечүүгө багытталган маселесин жана ушул маселени укуктук жөнгө салуунун зарылдыгын аныктоо;<br>– учурдагы кырдаалды, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын программалык жана стратегиялык документтеринин артыкчылыктарын алып караганда долбоордун негиздүүлүгүн баалоо. |
| **2-этап: Коррупцияга каршы талдоо** | Талдоо долбоордун коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга шайкеш экендигине жүргүзүлөт жана төмөнкүдөй максаттагы баалоону камтыйт:<br>– толук тизмегин белгилебестен жана органдын же кызмат адамынын административдик кароосун чектебестен мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын «укуктуу» формуласы боюнча аныктоо.<br>– административдик жол-жоболордун жоктугу же толук эместиги - мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары тарабынан белгилүү аракеттерди жүргүзүү тартибинин жоктугу жана (же) чечим кабыл алуу тартибинин жоктугу.<br>– кызмат адамынын кеңири дискрециялык ыйгарым укугунун болушу - чечим кабыл алууга же аракеттерди жасоого мөөнөттөрдүн, шарттардын же негиздердин жоктугу же белгисиздиги, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарынын кайталанышы.<br>– мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары үчүн тыюу салуулардын жана чектөөлөрдүн жоктугу. белгиленген тыюу салууларды жана чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн кызмат адамдарынын так жоопкерчилигинин жоктугу.<br>– административдик тоскоолдуктардын - жарандарга жана юридикалык жактарга карата белгисиз, аткарууга оор жана (же) түйшүктүү, анын натыйжасында коррупциялык шарттарды пайда кылуучу талаптардын болушу.<br>– Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралбаган учурларда жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү тыюулар жана чектөөлөр, анын ичинде:<br>a) арыз ээсинин так регламенттелген укуктарынын жоктугуна долбоордун жоболорун баалоо;<br>b) лингвистикалык коррупциянын болушуна долбоордун жоболорун баалоо; |

[1] 2010-жылдын 8-декабрындагы № 319 менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускамага» ылайык

| | |
|---|---|
| | c) долбоордогу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгиленген компетенциядан келип чыкпоочу мыйзам актыларын кабыл алууга мүмкүндүк берген жоболордун болушун талдоо.<br>– бир нече субъект талапкер болгон укуктарды берүүдө конкурстук же аукциондук жол-жоболордун жоктугу;<br>– мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, кызмат адамдарына карата маалыматты пайдалануу жана ачуу жол-жоболорунун, коомдук контролдоо механизмдеринин жоктугу.<br>– мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, кызмат адамдарында «кызыкчылыктардын кагылышуусу» жана аларды жоюу боюнча жол-жоболордун жоктугу.<br>– мамлекеттик (муниципалдык) кызматкерге колдонулуучу жобону өзү тандоого мүмкүндүк берген ар түрдүү укуктук актылардын ортосундагы коллизиялардын - карама-каршылыктардын болушун талдоо;<br>– мыйзам актыларын кабыл алуу жол-жоболорунун бузулушу;<br>– кызыкчылыктар балансынын бузулушу - бир (бир нече) топтун кызыкчылыктарына зыян келтирүү менен башка (бир нече) топтун кызыкчылыктарына артыкчылык берүү. |
| **3-этап: Атайын-укуктук талдоо** | – долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын коррупцияга каршы багытталган ченемдерине шайкештигин баалоо;<br>– долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине шайкештигин баалоо;<br>– долбоорго тиешелүү болгон чөйрөдөгү ченемдик жөнгө салуунун абалын баалоо;<br>– тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдардын системасында долбоордун потенциалдуу ордун аныктоо.<br><br>Долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына шайкештигин баалоодо эксперт эске алышы керек:<br>– органдардын жана кызмат адамдарынын компетенциясын жана ыйгарым укуктарын чектөө боюнча ченемдерди;<br>– органдар жана кызмат адамдары үчүн белгиленген тыюу салууларды жана чектөөлөрдү;<br>– органдар жана кызмат адамдары үчүн жоопкерчилик жөнүндө принциптерди жана жоболорду;<br>– мамлекеттик органдардын ачыктыгы жана айкындуулугу жөнүндө принциптерди;<br>– жарандардын укуктарын коргоо боюнча жоболорду, ашыкча талаптарды (административдик тоскоолдуктарды) түзүүгө тыюу салууларды.<br><br>Долбоордун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине шайкештигин баалоодо эксперт долбоордун коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдерге шайкеш экендигин аныктоосу зарыл. |

| | |
|---|---|
| | Коррупцияга каршы экспертизаны өткөрүүдө долбоордун ар бир ченемине же жобосуна, ошондой эле долбоордун жоболорунун аталган чөйрөдөгү ченемдик укуктук актыларга дал келүү деңгээлине талдоо жүргүзүлөт. |
| **4-этап: Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө** | Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында «Нускаманын» 1-тиркемесине ылайык, Типтүү формага ылайык таризделген корутунду түзүлөт.<br><br>Корутунду төмөндөгү бөлүктөрдөн турат:<br>а) жалпы бөлүк, долбоор кабыл алынган учурда, анын коомдук мамилелерге таасир этүү мүнөзүн чагылдырат;<br>б) адистештирилген бөлүк, долбордун жоболорунун КР Конституциясынын ченемдерине жана башка жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ЧУАга, КР катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген ченемдерге, ошондой эле жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укук ченемдерине шайкештигин баалоо чагылдырылат;<br>в) корутунду бөлүк, эксперттин эскертүүлөрүн, сунуштарын жана тыянактарын, ошондой эле экспертиза жүргүзүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жоюуга багытталган сунуштарды камтыйт.<br><br>Корутундуга экспертиза жүргүзгөн эксперттер (эксперт) тарабынан кол коюлат. |

## ЭКОЛОГИЯЛЫК ЭКСПЕРТИЗА

Улуттук мыйзамдар менен мамлекеттик да, коомдук да экологиялык экспертиза (ЭЭ) жүргүзүүгө карата негизги талаптар белгиленген.

«Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 16-бер. ылайык:

– Экологиялык экспертиза белгиленип жаткан чарбалык жана башка иштин айлана-чөйрөгө тийгизе турган мүмкүн болуучу жагымсыз таасирин болтурбай коюу максатында жүргүзүлөт.
– Экологиялык экспертиза чарбалык чечим кабыл алынганга чейин милдеттүү түрдө өткөрүүнүн, негиздүүлүктүн, көз карандысыздыктын, объективдүүлүктүн, анын тыянактарынын мыйзамдуулугунун жана маалымдуулугунун принциптеринде жүзөгө ашырылат.
– Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу болбогон учурда жаратылышты пайдаланууга байланыштуу долбоорлорду каржылоого жана ишке ашырууга тыюу салынат.

Экологиялык экспертиза жаатындагы укуктук мамилелер «Экологиялык экспертиза жөнүндө» КР Мыйзамы менен жөнгө салынат. Мамлекеттик экологиялык экспертиза КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого» ылайык өткөрүлөт.

Мамлекеттик экологиялык экспертизадан көз карандысыз коомдук экологиялык экспертиза өткөрүлүшү мүмкүн. «Экологиялык экспертиза жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, коомдук экологиялык экспертиза жарандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук бирикмелердин демилгеси боюнча өткөрүлөт (14-бер.).

Коомдук экологиялык экспертиза өткөрүүнү жүзөгө ашыруучу коомдук бирикмелер жана жарандар төмөндөгүлөргө укуктуу:

– экологиялык экспертизага тиешелүү болгон документациянын долбоорун демилгечиден толук көлөмдө алууга;
– мамлекеттик экологиялык экспертизаны өткөрүүгө карата талаптарды белгилеген ченемдик-техникалык документация менен таанышууга;
– коомдук экологиялык экспертизанын натыйжаларын жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого укуктуу. (15-бер.).

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүзөгө ашыруучу органга, ошондой эле экспертизанын объекттерин ишке ашыруу жөнүндө чечим кабыл алуучу органга жиберилет. Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу сунуш берүүчү болуп саналат. Ал жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланышы, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, долбоордун демилгечилерине, иштеп чыгуучуларына жана башка кызыккан жактарга берилиши мүмкүн (16-бер.).

ЧУА жана ЧУА долбоорлоруна экологиялык экспертиза жүргүзүү процедурасына карата талаптар Стандарттар жана Нускамалар менен жөнгө салынат. Мыйзам долбоорлоруна экологиялык экспертиза жүргүзүүдө «Стандарттардын» жоболорун жетекчиликке алуу керек, мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна экологиялык экспертиза жүргүзүү этаптарында «Нускамалардын» талаптарын пайдалануу керек. «Стандарттардын» 1-бөлүмүнүн жалпы жоболоруна ылайык бул документтин жоболору мыйзам долбоорлоруна экологиялык экспертизаларды өткөрүүдө гана эмес, мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна, колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзам алдындагы актыларга экспертизаларды өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

Ошентип, ЧУА/ЧУА долбоорлорунун экологиялык экспертизасы пландаштырылган чарбалык, башка иштин айлана чөйрөгө таасиринин түз, кыйыр, башка кесепеттерин аныктоого,

талдоого, эсепке алууга, аны жүзөгө ашыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алуунун мүмкүн экендигин же мүмкүн эместигин объективдүү баалоого шарт түзүү үчүн арналган.

Экологиялык экспертиза чарба жүргүзүүнүн жана экономикалык иштин бардык чөйрөлөрүндө экологияга каршы укуктук чечимдердин алдын алуунун негизи катары кызмат кылышы керек, ошондуктан эң жакшысы бардык ЧУА долбоорлоруна карата жүзөгө ашырылышы керек, бирок азыркы убакта жаратылыш ресурстарынын абалын жана жарандардын жашоосунун табигый шарттарына түздөн-түз таасир тийгизүүчү объекттерди ачык-айкын козгогон актылардын долбоорлоруна карата дагы өткөрүлбөйт.

Мыйзам долбоорлорун экологиялык баалоодо (мыйзам чыгаруучулуктун эксперттик ишинин башка түрлөрү сыяктуу эле) мыйзамдардын «Негизги түшүнүктөр», «принциптер…» беренелеринин ченемдери, талаптары фундаменталдык, негизги мүнөзгө ээ, анткени мыйзамдарда берилген аныктамалар, негизги башталыштар милдеттүү жалпы күчкө ээ болот жана алардын милдеттүү түрдө аткарылышы экспертизанын деңгээлин, корутундулардын сапатын жогорулатууга шарт түзөт, аны жүргүзүүнү жеңилдетет.

Мыйзам долбоорлоруна, башка укуктук актылардын долбоорлоруна – мамлекеттик да, коомдук да экологиялык экспертизаны уюштурууда, өткөрүүдө – актынын ченемдерин, талаптарын болжолдоо, пландаштыруу, келечектеге колдонуу үчүн төмөнкүдөй экологиялык-укуктук мүнөздөгү көптөгөн өзгөчө маселелер изилдениши мүмкүн:

– жарандардын, коомдук, башка коммерциялык эмес бирикмелердин, кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын экологиялык укуктарын сактоо жана экологиялык милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгү;
– мамлекеттик, муниципалдык, башка коомдук органдардын системаларынын иштеши, алардын жагымдуу айлана-чөйрөнүн сапатын камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү сарамжалдуу пайдаланууну уюштуруу, ресурстарды үнөмдөө жана кайра пайдалануу боюнча чаралары;
– мамлекеттик, муниципалдык органдардын, башка коомдук бийлик органдарынын, аларга баш ийген мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын жаратылышты коргоо милдеттерин, жаратылыш-ресурстук функцияларын аткаруу перспективасы;
– айлана чөйрөнү коргоо жаатында экономикалык жөнгө салуунун укуктук механизмдеринин болжолдуу деңгээли, анын ичинде жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуунун эсеби, тартиби, мөөнөттөрү, аларды керектөө лимиттерин белгилөө, жеңилдиктерди берүү, экологиялык ишкердикти колдоо, камсыздандыруу;
– жаратылышты пайдалануу жана айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы ченемдөөнүн абалы, анын ичинде калдыктардын пайда болуу нормативдери, аларды пайда кылуунун, утилизациялоонун, которуунун, ташуунун, кайра иштетүүнүн, жайгаштыруунун, көмүүнүн нормативдери;
– айыл, токой чарбасында, өнөр жайда, курулушта потенциалдуу кооптуу химиялык, биологиялык заттарды өндүрүүгө, колдонууга, зыянсыздандырууга, утилизациялоого карата, радиоактивдүү материалдарды колдонууга карата талаптар; курчап турган чөйрөнү терс (зыяндуу) биологиялык, физикалык таасирден, электр магниттик нурлантуудан коргоо, жаратылышты пайдалануунун, курчап турган чөйрөнү коргоонун өзгөчө шарттары менен коргоочу, сактоочу зоналарды орнотуу;
– менчиктештирүүдө, улутташтырууда, менчиктин башка түрлөрүн, ижарачыны, жаратылыш объектинин башка ээсин өзгөртүүдө мыйзамдуулукту, укук тартибин, адилеттүүлүктү сактоо, экологиялык зыяндардын, чыгашалардын ордун толтуруу.

Улуттук мыйзамдарга ылайык укук чыгаруучулук жаатындагы **экологиялык экспертизанын объекттери** болуп саналат: *чарбалык жана башка иш-аракеттерди жөнгө салуучу ченемдик укук актылардын, ченемдик-техникалык, нускама-усулдук документтердин*

*долбоорлору; жаратылышты пайдалануу менен байланыштуу эл аралык келишимдердин, контракттардын жана макулдашуулардын долбоорлору ж.б.*

Ошентип, төмөндөгү ЧУА жана ЧУА долбоорлору экологиялык экспертизадан өткөрүлөт:

- жаратылыш ресурстарын пайдалануу, экологиялык коопсуздук жана калктын саламаттыгы чөйрөлөрүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу жоболорду камтыган;
- жерлердин, токойлордун, суу объекттеринин, экотутумдун жана башка жаратылыштык же жаратылыштык-чарбалык объекттердин укуктук статустарын өзгөртүүгө багытталган жоболорду камтыган;
- экономиканын тигил же бул тармактарынын, анын ичинде өнөр жай, транспорт, шаар курулушунун өнүгүшүн жөнгө салуучу жоболорду камтыган;
- туруктуу өнүгүү жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелерин козгогон жоболорду камтыган.

Экологиялык экспертизаны өткөрүүдө эксперти «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» жана «Экологиялык экспертиза жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, башка ченемдик укуктук актыларда, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдеринин ченемдеринде белгиленген принциптерди жетекчиликке алат.

**Эксперттерге карата талаптар**

Мыйзам долбоорлоруна экологиялык экспертиза жүргүзгөн эксперттер төмөнкүдөй адамдар болушу керек:

- айлана-чөйрөнү коргоо, туруктуу өнүгүү жана экологиялык коопсуздук чөйрөлөрүндө теориялык билимдерге ээ;
- улуттук мыйзамдарды, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди, айлана-чөйрөнү коргоо, туруктуу өнүгүү жана экологиялык коопсуздук чөйрөлөрүндө эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин билген;
- экологиялык кризисти жумшартуу, экологиялык маселелерди чечүү жана туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүү боюнча улуттук жана эл аралык тажрыйбаны билген.

**ЧУА/ЧУА долбоорлоруна экологиялык экспертиза өткөрүү этаптары**

Мыйзам долбоорлору үчүн экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн этаптарын жөнгө салуучу талаптар «Стандарттарда» берилген, ал эми мыйзам алдындагы актылардын долбоорлору үчүн «Нускамада» берилген. Төмөндө биз бул ченемдик документтерге ылайык тигил да, бул да талаптарды беребиз. Бирок, "Стандарттардын" 1-бөлүмүнүн жалпы жоболоруна ылайык бул документтин жоболору мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүдө гана эмес, мыйзам алдындагы актылардын долбоорлоруна, колдонуудагы мыйзамдарга жана мыйзам алдындагы актыларга экспертиза жүргүзүүдө колдонулушу мүмкүн.

Мыйзам долбоорлоруна экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн этаптары төмөнкүлөр болуп саналат:

1) мыйзам долбоорунун жоболорунун улуттук мыйзамдарга, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге, айлана-чөйрөнү коргоо, туруктуу өнүгүү жана экологиялык коопсуздук чөйрөлөрүндөгү жалпы таанылган принциптерге жана ченемдерге ылайыктыгын баалоо;
2) мыйзам долбоорунун жоболорунун экологиялык экспертизанын атайын талаптарына ылайыктыгын баалоо.

Мыйзам долбоорлорунун экологиялык экспертизасынын атайын талаптары.

Экологиялык экспертизаны өткөрүүдө эксперт төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

– мыйзам долбоорунун улуттук жана эл аралык экологиялык талаптарга шайкештигин белгилөө;
– ар кандай субъекттердин айлана чөйрөнү коргоо боюнча иштерди жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгүнө мыйзам долбоорунун таасирин аныктоо;
– мыйзам долбоорунун жоболорунун экологиялык баа берүүнүн курамдык бөлүктөрүнө: жаратылыш ресурстарын пайдаланууга, жаратылышты коргоого, экологиялык коопсуздукка жана калктын саламаттыгына таасир этүүсүн аныктоо. Экологиялык баалоонун курамдык бөлүктөрүнө карата талаптар кийинки таблицада берилген.

| | |
|---|---|
| **«ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ» БӨЛҮГҮНӨ КАРАТА ТАЛАПТАР** | Жаратылыш ресурстарынын абалы — жаратылышты керектөөнүн табигый булактарынын (токойлордун, пайдалуу кен байлыктар корунун, айбанаттардын өнөр жайлык түрлөрүнүн) сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрүнүн абалы өлкөнүн өнүгүүсү жана экономикалык өсүшү үчүн аныктоочу база.<br><br>**Талаптар:**<br>1) мыйзам долбоорунда мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруу жана жаратылыш ресурстарын пайдаланууну көзөмөлгө алуу иш-милдеттерин аларды пайдалануу боюнча иштер менен айкалыштырууга жол бербөө принциби сакталгандыгы;<br>2) мыйзам долбоорун иштеп чыгууда КР мыйзамдарында, ошондой эле КР катышуучусу болуп саналган, мыйзамдуу күчүнө кирген эл аралык келишимдерде аныкталган жаратылыш ресурстарын пайдалануу боюнча эрежелер жана чек коюулар, чектөөлөр эсепке алынгандыгы;<br>3) мыйзам долборлорунун жоболору коргоо, кайра өндүрүү жана жүргүзүлүп жаткан иштердин жаратылыш ресурстарына тийгизген таасиринин мониторинги боюнча чараларды карагандыгы, ал иш-чараларды каржылоонун булактары аныкталгандыгы;<br>4) жаратылыш ресурстарын пайдалангандык үчүн төлөмдөрдүн мыйзам долбоорундагы ставкалары менен ченемдери даанабы жана КРнын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен жаратылыш ресурстарына жана экотутумга таасир этүүгө карата эл аралык стандарттарга ченемдеш болуп саналабы;<br>5) айлана чөйрөгө зыян келтиргендик үчүн чаралар, терс таасирлерди болтурбай коюу үчүн жетиштүү болуп саналабы;<br>6) мыйзам долбоорунда жаратылышты пайдалануу аймагында жашаган жергиликтүү коомчулуктун жаратылыш ресурстарын адилеттүү бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүнө жетишүүлөрүнүн механизми каралганбы;<br>7) жаратылыш пайдалануу жана жаратылышты сактоонун салттуу түрлөрүн сактоо принциби сакталгандыгы;<br>8) мыйзам долбоорунда жаратылыш ресурстарынын табигый жаңылануусуна тоскоол болуучу аракеттерди жана иштерди чектөөнүн механизмдери каралганбы. |
| **«ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО» БӨЛҮГҮНӨ КАРАТА ТАЛАПТАР** | Экотутумдун абалы — адамдын жашоосу менен саламаттыгы жана жаратылыш ресурстарынын калыбына келүүсү үчүн зарыл шарттарды кармап туруучу жаратылыштын өз алдынча калыбына келүү тутумдарынын сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрүнүн абалы.<br><br>**Талаптар:**<br>1) мыйзамды колдонуунун экологиялык тутумдардын абалына тийгизген оң жана терс кесепеттерин талдоонун болушу;<br>2) мыйзам долбоорундагы экотутумдардын күчтүүлүгүн жана экотутумдук милдеттерди (кыртыш түзүү, суу бөлүштүрүү, аба-ырайын тескөө) аткаруусун төмөндөтүүгө багытталган жоболорду алып салуу;<br>3) мыйзам долбоорунун өзгөчө кайтаруудагы жаратылыш аймактарынын жана объекттеринин абалына терс таасирин тийгизүүчү жоболорун жоюу;<br>4) терс таасирлерди азайтуу жана калыбына келтирүү боюнча чаралардын болушу; |

| | |
|---|---|
| | 5) айлана-чөйрөгө зыян келтиргендик үчүн терс таасирлерди болтурбай коюу үчүн жетиштүү болгудай чаралардын болуусу;<br>6) табигый экотутумдарга жана ландшафтардын эстетикалык ажайыптыгына таасир тийгизилген учурда кабарлоо жана коомчулуктун катышуу механизиминин болушу;<br>7) улуттук же эл аралык коргоо статусу бар ландшафттарын кошо алганда мыйзам долбоорунун баалуу же жетишсиз корголгон райондорго таасир этүү деңгээлине баа берүүнүн болуусу;<br>8) өзгөчө коргоодогу жана табигый экотутумдардын аянттарын арбытууга багытталган жоболордун болуусу;<br>9) өзгөчө коргоодогу жана табигый экотутумдардын абалын начарлантууга же аянттарын азайтууга багытталган жоболорду жоюу. |
| **«ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК ЖАНА КАЛКТЫН САЛАМАТТЫГЫ» БӨЛҮГҮНӨ КАРАТА ТАЛАПТАР** | Экологиялык коопсуздук жана калктын саламаттыгынын деңгээли адамдын жана коомдун аларга антропогендик жана табигый таасир этүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон тобокелчиликтер коргоп калуунун шарты менен каражаты катары инсандын, коомдун, айлана чөйрөнүн жашоо үчүн маанилүү кызыкчылыктарынын корголуу абалынын критерийлери жана көрсөткүчтөрү.<br><br>**Талаптар:**<br>1. экологиялык коопсуздукка жана калктын саламаттыгына таасир этүүнүн мүмкүн болгон тобокелчиликтерин табуу, болжолдоо жана баалоо;<br>2. калктуу конуштардагы айлана чөйрө көрсөткүчтөрүнүн сапатынын начарлашына багытталган жоболордун жол берилбестиги;<br>3. күтүлгөн экологиялык таасирлердин жана натыйжалардын мүнөзүн: узактыгын, кайра калыбына келүүсүн, көлөмүн жана өлчөмүн баалоонун болушу;<br>4. мыйзам долбоорунун экологиялык коопсуздукка жана калктын саламаттыгына тийгизген таасири жөнүндө жаратылышты коргоо органдарынын жана саламаттык сактоо органдарынын корутундуларынын болуусу. |

**Эксперттик корутунду**

Жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында эксперт эксперттик корутунду даярдайт, анда төмөндөгү тыянактардын бирин чыгарат:

– мыйзам долбоору экологиялык жактан жагымдуу болуп саналат мыйзамды кабыл алуунун жана колдонуунун натыйжасы экотутумдардын абалынын жакшыруусуна жана айлана-чөйрө менен калктын саламаттыгынын абалына тийүүчү терс таасирлердин жоюлушуна алып келет;
– мыйзам долбоору экологиялык багытта болуп саналат — мыйзамды кабыл алуунун жана колдонуунун натыйжасы айлана чөйрө менен жана калктын саламаттыгынын абалына тийип жаткан терс таасирлердин кесепеттерин өзгөртүүгө көмөк берет;
– мыйзам долбоору экологиялык бейтарап болуп саналат — мыйзамды кабыл алуунун жана колдонуунун натыйжасы айлана-чөйрөнүн жана калктын саламаттыгынын абалын начарлатпайт;
– мыйзам долбоору экологиялык терс таасирлүү болуп саналат — мыйзамды кабыл алуунун жана колдонуунун натыйжасы түздөн-түз же кыйыр түрүндө айлана-чөйрөнүн жана калктын саламаттыгынын абалынын начарлашына алып келиши мүмкүн.

Зарыл болгондо эксперт мыйзам долбооруна карата экологиялык жактан жагымдуу жана экологиялык багытта жоболор иштелип чыккан сунуштарды даярдоого тийиш.

**Мыйзам алдындагы актылардын долбоорлорунун** экологиялык экспертизасы төмөнкү этаптардан турат:

1-ЭТАП: ДАЯРДЫК КӨРҮҮ → 2-этап: СОЦИАЛДЫК-ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО → 3-ЭТАП: АДИСТЕШТИРИЛГЕН-УКУКТУК ТАЛДОО → 4-этап: КОРУТУНДУНУ ДАЯРДОО ЖАНА ТАРИЗДӨӨ

| | |
|---|---|
| **1-этап. Даярдык көрүү** | – долбоорго экологиялык баа берүүнүн зарылдыгын жана аны деталдаштыруунун даражасын аныктоо;<br>– долбоордун жаратылышты пайдалануу, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, адамдын жана анын жашоо чөйрөсүнүн коопсуздугу, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо маселелерине түз же кыйыр тиешелүү жоболорун аныктоо;<br>– долбоор чечүүгө багытталган маселени жана ал маселени укуктук жөнгө салуунун зарылдыгына баа берүү;<br>– долбоордун негиздүүлүгүнө учурдагы кырдаалдын, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы улуттук стратегиянын жана саясаттын приоритеттери жагынан баа берүү. |
| **2-этап: Социалдык-экологиялык талдоо** | – Долбоордун айлана-чөйрө, экологиялык коопсуздук, калктын саламаттыгы үчүн түз же кыйыр кесепеттерге алып келе турган жоболорун аныктоо, анын ичинде:<br>а) жаратылыш аймактарынын жана объекттеринин абалынын начарлашына түз же кыйыр алып келе турган жоболор;<br>б) экосистемалардын өндүрүмдүүлүгү жана экосистемалык (кыртыш түзүү, сууну жөнгө салуу, климаттык жөнгө салуу) функциялардын аткарылышы азайышына түз же кыйыр алып келе турган жоболор;<br>в) жаратылышты пайдалануунун жана жаратылышты коргоонун салттуу практикасына терс таасирин түз же кыйыр тийгизүүчү жоболор;<br>г) калк үчүн экологиялык опурталдардын даражасы жогорулашына түз же кыйыр алып келе турган жоболор.<br>– Долбоордун айлана-чөйрөгө, экологиялык коопсуздукка, калктын саламаттыгына түз же кыйыр жакшы өзгөрүүлөрдү алып келе турган жоболорун аныктоо, анын ичинде:<br>а) долбоордун жаратылыштык ресурстарды коргоо, аны кайталап өндүрүү жана ишкердиктин жаратылыш ресурстарына тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүү боюнча иш-чараларды караган жоболору;<br>б) жарандык коомдун потенциалын жогорулатууга, коомчулуктун катышуусун активдештирүүгө жана калктын кабардар болушун жогорулатууга тике же кыйыр түрдө алып келе турган жоболор;<br>в) долбоордун айлана-чөйрөнү коргоого шыктандыруунун натыйжалуу финансылык каражаттарын түзө турган жоболору;<br>г) долбоордун жаратылыш ресурстарынын табигый калыбына келишине тоскоолдук кылган аракеттерди же иштерди чектөөгө түз же кыйыр түрүндө багытталган жоболору. |

| | |
|---|---|
| | – Иштелип чыгуучу мыйзам алдындагы актылардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында долбоордун пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;<br>– Айлана-чөйрөнү натыйжалуу коргоо жана экологиялык коопсуздукту арттыруу максатында айрым жоболорду киргизүүнүн, кеңейтүүнүн, конкреттештирүүнүн зарылдыгын аныктоо. |
| **3-этап: Адистештерилген-укуктук талдоо** | – долбоордун жоболорунун КР Конституциясына жана айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү;<br>– долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында бекитилген жарандардын экологиялык укуктарын ишке ашырууга багытталган жоболоруна баа берүү, атап айтканда:<br>а) жарандардын жашоо жана ден соолук үчүн ыңгайлуу айлана-чөйрөгө укугу;<br>б) жарандардын жаратылышты пайдалануу тармагындагы аракеттерден ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуртууга укугу;<br>в) жарандардын айлана-чөйрөнүн абалы жөнүндө туура маалыматка болгон укугу;<br>г) жарандардын коомдук экологиялык экспертиза өткөрүү жөнүндө сунуш киргизүүгө жана анын натыйжалары жөнүндө маалымат алууга укугу.<br>– Долбоордун жоболорунун айлана-чөйрө тармагындагы мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү;<br>– долбоордун айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы мыйзамдар системасындагы потенциалдуу ордун аныктоо;<br>– шилтеме жоболорду алардын бар экендиги жана зарылдыгы жагында талдоо;<br>– долбоордун жоболорунун КР катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген айлана-чөйрөнү коргоо, туруктуу өнүгүү жана экологиялык коопсуздук тармагындагы эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келишине баа берүү. |
| **4-этап: Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө** | Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Нускаманын 1-тиркемесине ылайык, Типтүү формага ылайык таризделген корутунду түзүлөт.<br>Корутунду төмөндөгү бөлүктөрдөн турат:<br>а) жалпы бөлүк, долбоор кабыл алынган учурда, анын коомдук мамилелерге таасир этүү мүнөзүн чагылдырат;<br>б) адистештирилген бөлүк, долбордун жоболорунун КР Конституциясынын ченемдерине жана башка жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ЧУАга, КР катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген ченемдерге, ошондой эле жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укук ченемдерине шайкештигин баалоо чагылдырылат;<br>в) корутунду бөлүк, эксперттин эскертүүлөрүн, сунуштарын жана тыянактарын, ошондой эле экспертиза жүргүзүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жоюуга багытталган сунуштарды камтыйт.<br>Корутундуга экспертиза жүргүзгөн эксперттер (эксперт) тарабынан кол коюлат. |

## Коомчулуктун укук чыгаруу процесстерине катышуу мүмкүнчүлүгү

Коомчулуктун катышуусу кандайдыр бир жол-жоболордун топтомун аткарууну гана түшүндүрбөйт — ал мамлекеттик органдар коомчулук эмне деп жатканын жана алар коомчулуктун айтканына көңүл бурушу керектигин билдирет. Жыйынтыгында коомчулуктун катышуусу катышкан коомчулуктун пикири менен чечимдин мазмунунун ортосундагы айрым жакындыкка алып келиши керек. Башкача айтканда, коомчулуктун салымы ал чечимдердин иш жүзүндөгү мазмунуна сезилерлик таасир тийгизе ала тургандай болушу керек. Эгерде акыркы чечимде мындай таасирди аныктоого мүмкүн болсо, анда мамлекеттик орган коомчулуктун көз карашын эске алды деген ачык тыянак жасоого болот.

Бардык натыйжалуу иштеген мамлекеттик органдар коомчулуктун кызыкдар болушунан пайда алышат. Чечимдердин татаалдашуусуна жараша бул фактор шашылыш гана эмес, натыйжалуу практика иши болуп калат. Өкмөттүк деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессинде пикирлерди ар тараптуу эсепке алуунун маанилүүлүгү мамлекеттик органдарда так, баарын камтыган жана жаңы маалыматтын милдеттүү түрдө болушун карайт. Мындай маалыматтын маанилүү булагы коомчулук болушу мүмкүн. Бактыга жараша, коомчулук көп учурда маалыматты чогултуу процессине жана өзүнүн жеке кызыкдар болушунан улам чечимдердин варианттарын талкуулоого катышуу ниетин билдирет. Бирок бул коомчулук ишене ала турган, ачык, үзгүлтүксүз жана айкын процесстин зарылчылыгын карайт. Анын алкагында коомчулук өзүнүн маалыматка, биригүүгө жана катышууга болгон укуктарын жүзөгө ашыра ала турган системаны түзүп, тараптар бир эле учурда эки милдетти — органдардын өз функцияларын аткаруу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана адамдарга алардын укуктарын жүзөгө ашыруу жана алардын милдеттерин аткаруу үчүн керектүү шарттарды камсыздоо милдетин чече алат.

КР мыйзамдары коомчулуктун маанилүү чечимдерди кабыл алууда ченем чыгаруу процесстерине катышуусу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Эми улуттук мыйзамдар менен жөнгө салынган бул мүмкүнчүлүктөрдү, башкача айтканда, мыйзамдарды өркүндөтүү процесстерине активдүү катышуу үчүн өлкөнүн жарандары ээ болгон укуктарды карайлы.

Алсак, 2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 36-беренесине ылайык жана 2009-жылдын 20-июлдундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, ченем жаратуучу орган тарабынан адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндиктерине тиешеси болгон мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун расмий сайттарда жана ЖМКда жарыялоону камсыздоо менен, аларды коомдук талкууну уюштуруу жана өткөрүү камсыздалат. Ченемдик укуктук актынын долбоорун коомдук талкуулоо ченем жаратуучу орган тарабынан төмөнкү жолдор менен камсыздалат:

- ченемдик укуктук актынын долбоорунун текстине жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;
- коомдук талкууга катышуучулардан түшкөн сунуштарды кабыл алуу, карап чыгуу жана жалпылоо;
- келип түшкөн сунуштар тууралуу аларды ченемдик укуктук актынын долбооруна киргизүүнүн же киргизбөөнүн себептерин негиздөө менен, коомдук талкуулоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык маалыматты даярдоо. Жыйынтык маалымат ченемдик укуктук актынын долбооруна карата маалым кат-негиздемеде чагылдырылат.

2021-жылдын 11-октябрындагы № 122 «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 36-беренеси менен Министрлер кабинетинин жана жарандык коомдун оз ара мамилелери жөнгө салынган. Министрлер кабинети жарандык коом менен өз ара аракеттенүүнү камсыздоо максатында:

- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзөт, адам укуктары боюнча эл аралык уюмдарга мезгилдүү баяндамаларды даярдоону камсыз кылат, укук коргоо ишин жүзөгө ашыруучу укук коргоочулардын жана коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу менен адам укуктары боюнча эл аралык органдардын сунуштамаларын аткаруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;
- Жогорку Кеңештин кароосуна жиберилгенге чейин Министрлер Кабинетинин расмий Интернет-порталына жарыялоону камсыз кылуу менен адамдын жана жарандын укуктарына менен эркиндиктерине тиешелүү мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоону жүзөгө ашырат;
- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган сунуштамаларды талкуулоо жана иштеп чыгуу максатында жарандык коомдун өкүлдөрү жана башка кызыкдар тараптар менен жолугушууларды өткөрөт;
- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жана камсыз кылуу маселелери боюнча Министрлер Кабинетинин жана ага баш ийген аткаруу бийлик органдарынын ишине мониторингди жүзөгө ашыруучу жарандык коомдун өкүлдөрүнө көмөк көрсөтөт.
- Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, аткаруу бийлигинин башка органдарынын алдында чечимдерди кабыл алуунун жана аларды ишке ашыруунун жол-жоболорунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик органдын жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсү үчүн коомдук кеңештер түзүлүшү керек. Коомдук кеңештердин курамына коммерциялык эмес уюмдардын, илимий чөйрөлөрдүн, бизнес-ассоциациялардын, кесиптик жана тармактык бирликтердин, мамлекеттик органдын ишине аралашкан чөйрөлөрдүн эксперттик жамааттарынын өкүлдөрү кирет.

2001-жылы Кыргыз Республикасы «Коомчулуктун айлана чөйрөгө тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды алуу мүмкүндүгү, чечимдерди кабыл алууга катышуусу жана сот адилеттигине жетүү мүмкүндүгү жөнүндө» Конвенцияга (мындан ары — Орхус конвенциясы) кошулган.

**Орхус Конвенциясы**

- чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын жана контролдонуучу процессин жүзөгө ашырууга көмөктөшөт;
- мамлекеттик органдардын жергиликтүү калк үчүн алгылыктүү негиздүү чечимдерди кабыл алуусуна шарт түзөт;
- сапаттуу, натыйжалуу жана тең салмактүү чечимдерди кабыл алууга алып келет, күтүүсүз түзөтүүлөрдөн жана өзгөртүүлөрдөн арылтат;
- кымбат ресурстарды үнөмдөйт;
- мамлекеттик органдар менен коомчулуктун ортосундагы кызматташтык мамилелерине шарт түзөт.

**Орхус конвенциясына ылайык камсыздалат:**

- маалыматка жетүү мүмкүндүгү (4-бер.) жана экологиялык маалыматты чогултуу жана жайылтуу (5-бер.); коомчулуктун конкреттүү иш түрү боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуусу (6-бер.);
- айлана чөйрө менен байланыштуу пландарга, программаларга жана саясатка тиешелүү маселелерди чечүүгө катышуу (7-бер.);
- түздөн-түз аткаруу күчү бар ченемдик укуктук актыларды жана/же жалпы колдонулуучу мыйзамдуу милдеттүү ченемдик актыларды даярдоого катышуу (8-бер.), сот адилеттигине жетүү мүмкүндүгү (9-бер.).

Бул беренелерге ылайык кызыкдар коомчулук жагдайга жараша, ачык билдирүү аркылуу же жеке тартипте чечимдерди кабыл алуу жол-жоболорунун баштапкы этабында адекваттуу, өз убагында жана натыйжалуу маалымат алат:

- айлана чөйрөгө тиешелүү маселелер боюнча;
- айлана чөйрө менен байланыштуу пландарды жана программаларды даярдоо процессинде;
- мамлекеттик органдардын тикелей аткаруу күчүнө ээ болгон ченемдик жоболорду жана башка айлана чөйрөгө олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн болгон жалпы колдонулуучу юридикалык милдеттүү эрежелерди даярдоосунда.

Коомчулуктун катышуусунун жыйынтыктары максималдуу мүмкүн болгон деңгээлде эске алынат.

Конвенцияга кошулган учурдан тартып бул эл аралык макулдашуунун жоболорунун негизги бөлүгү улуттук мыйзамдарга киргизилген.

**Маалыматка жетүү мүмкүндүгү, аны чогултуу жана жайылтуу төмөндөгү ЧУА менен камсыздалат:**

- 1997-жылдын 5-декабрындагы № 89 «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» КР Мыйзамы
- 2006-жылдын 28-декабрындагы № 213 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» КР Мыйзамы

Айлана чөйрөнү коргоо жана сарамжалдуу жаратылышты пайдалануу жаатында жарандардын жана алардын бирикмелеринин негизги мүмкүнчүлүктөрүнүн бири коомдук экологиялык экспертиза болуп саналат. Экологиялык экспертиза жөнүндө жалпы жоболор «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» КР Мыйзамында (1999-ж.) камтылган. Анын мазмунуна жана өткөрүү тартибине карата деталдуу талаптар «Экологиялык экспертиза жөнүндө» КР Мыйзамында (1999-ж.) белгиленген.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык ченемдик актылардын жоболору укук жаратуу процессинде, өзгөчө негизги чөйрөлөрдө адамдын жана жарандын укуктарын ишке ашырууга таасир этүүчү ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна карата активдүү жарандыкты алуу үчүн жетиштүү негиз болуп саналат:

- социалдык саясат, эмгек жана социалдык камсыздоо;
- коомдук коопсуздукту жана укук тартибин камсыздоо;
- курчап турган чөйрөнү жана калктын саламаттыгын коргоо;
- коомдук бирикмелердин жана башка мамлекеттик эмем коммерциялык эмес уюмдардын иши;
- шайлоо жана шайлоо системасы;
- бюджет жана финансы;
- билим берүү, маданият жана массалык спорт.

Узакка созулган рецессия, аткаруу бийлигинин системасын кайра уюштуруу жана ченемдик-укуктук базаны жаңылоо мезгилинде коомчулуктун укук жаратуу процессине катышуусу барган сайын олуттуу мааниге ээ болуп баратат. Биринчиден, жарандар бардык кызыкчылык топторунун каалоолорунун негизинде мамлекеттик органдардын функционалдык милдеттерин сапаттуу аткаруу үчүн тапшырыкчы катары чыгышат. Ошол эле учурда мамлекеттик бийлик органдарында кадрлардын жетишсиздигинин шартында базалык билимдин жана

көндүмдөрдүн, ошондой эле институционалдык эс тутумдун алып жүрүүчүлөрү катар, коммерциялык эмес уюмдардын жана көз карандысыз эксперттердин ролун эске алуу керек.

Өлкөнүн болуп жаткан глобалдык процесстерге жооп кайтарууга катышуусу жарандык сектордун өкүлдөрүн активдүү түрдө тартуусуз мүмкүн эмес, алар өздөрү түшүнбөстөн, маанилүү чечимдерди кабыл алууга таасир этүүчү маанилүү оюнчулар болуп саналат.

Мыйзамдарды туруктуу өркүндөтүү — заманбап цивилизациялуу мамлекеттин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгү, ченемдик актыларда коомдук өнүгүүнүн муктаждыктарын өз убагында жана натыйжалуу эсепке алуунун зарыл шарты. Коомдун, анын айрым социалдык катмарларынын жана индивиддердин кызыкчылыктарынын айкалышы — мыйзамдардын беделин жогорулатуунун, мыйзамдуулукту бекемдөөнүн олуттуу шарты болуп саналат.